## АЙЫЛ ЧАРБА ИЛИМДЕРИ
## СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО
## AGRICULTURE

*Жумаканов К.Т., Керималиев Ж.К., Абдурасулов А.Х., Жунушов А.Т.*

# АЙЫЛ-ЧАРБА МАЛДАРЫНЫН ГЕНОФОНДУН САКТОО–МАМЛЕКЕТТИК ДЕҢГЭЭЛДЕГИ КӨЙГӨЙ

*Жумаканов К.Т., Керималиев Ж.К., Абдурасулов А.Х., Жунушов А.Т.*

# СОХРАНЕНИЕ ГЕНОФОНДА СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫХ ЖИВОТНЫХ– ПРОБЛЕМА ГОСУДАРСТВЕННОГО ЗНАЧЕНИЯ

*K.T. Zhumakanov, J.K. Kerimaliev, A.H. Abdurasulov, A.T. Zhunushov*

# GENE POOL PRESERVATION OF FARM ANIMALS - PROBLEMS OF NATIONAL IMPORTANCE

*УДК: 636.082.12*

*Макалада Кыргызстандагы айыл-чарба малдарынын азыркы абалы, породалык составын жакшыртуу этаптары, алардын генофондун сактоонун жыйынтыктары жана көйгөйлөрү берилген. Кыргызстан мал киндиктүү өлкө болгондуктан аз убакыттын аралыгында айыл-чарба малдарынын бир нече жаңы породалары, типтери чыгарылган. Алардан башка негизги малдардын жергиликтүү породалары, башкача айтканда мал-чарбасынын алтын фонду өстүрүлөт, себеби алар кылымдардан бери Кыргызстандын экстремалдуу, катаал тоолуу шартына жакшы көнүп ыңгайлашкан.*

***Негизги сөздөр:** генофонд, порода, малдардын түрү, ири мүйүздүү мал, кой-эчкилер, урук, эмбрион банкы.*

*В статье изложены материалы современного состояния, этапы совершенствование породного состава, результаты и проблемы сохранения генофонда сельскохозяйственных животных. В стране животноводство представлено видовым и породным разнообразием сельскохозяйственных животных, которые относительно высокопродуктивны и хорошо приспособлены к жестким, экстремальным условиям высокогорья.*

***Ключевые слова:** генофонд, порода, виды животных, крупный рогатый скот, банки семян.*

*The article describes the current state of materials, improvement of the species composition of the stages, the results and problems of preservation of the gene pool of farm animals. The country is represented by livestock species and breed a variety of farm animals, which are relatively highly productive and well adapted to the harsh, extreme high altitude conditions.*

***Key words:** the gene pool, breed, species, animal, cattle, seed bank.*

Айыл-чарба малдарынын түрлөрүнүн генофондун сактоо деп, акыркы 100 жылдыкта бир нече кыскарып кеткен породалык түрдүүлүктү сактоону түшүнөбүз. Европада жана Кавказда 481 сүт эмүүчүлөрдүн жана 39 канаттуулардын породалары жок болуп кетти. ФАОнун маалыматтар базасында катталган 7616 үй малдарынын жана канаттуулардын породаларынын 190 өткөн 15 жылда жок болду, ал эми 1491 порода жок болуп кетүү коркунучунда турат (FAO, 2009) (3).

Кыргызстандын мал чарбасы айыл-чарба тармактарынын ичинде эң маанилүүлөрүнүн бири, агроөнөржай комплексинин ушул тармагында бир нече чечилбеген көйгөйлөр топтолгон.

Өткөн жүз жылдыктын баш жагында башталган кунардуулугу бир багытта эмес жергиликтүү абориген малдарын жакшыртуу боюнча ири масштабтагы жумуштар, Республикада жогорку кунардуулуктагы ири муйүздүү малдардын, кой-эчкилердин, жылкылардын жана тооктордун породаларын чыгаруу менен аякталды.

Кыргызстандын жаратылышы өзүнүн вертикалдык жана горизонталдык зоналдуулугу жагынан өзүнчө эле көптөгөн экологиялык минизоналары менен өзгөчө “биологиялык лабораторияны” элестетет. Аларга мүнөздүү географиялык – климаттык өзгөчөлүгүнүн таасиринде касиеттүү региондордо мыкты генетикалык потенциалы бар айыл-чарба малдарынын экогенези пайда болду.

Бирок, жаңы экономикалык катнашка өтүү республиканын мал-чарбасын узакка созулган кризиске алып келди: малдын саны кыскарды, кунардуулугу төмөндөдү, тоюттандыруу жана багуу шарттары начарлады, селекциялык-асыл-тукум иштеринин темпи түштү, көптөгөн технологиялык процесстер бузулду жана мал-чарбасынын системасы, багыты өзгөрдү.

Фактылар көрсөткөндөй, акыркы жылдары өлкөдө кээ бир иш-чараларды эске албаганда элчарбасынын башкы тармагы болгон – мал-чарбасынын бузулуп-бүлүнгөнүн токтотуп калуу боюнча тийиштүү чаралар кабыл алынган эмес.

Эгемендүүлүктөн кийин 1996-2000 жылдары, айыл-чарба малдарынын башы реформанын башталышындагы 1991 жылга салыштырмалуу эки эсеге

кыскарган. Азыркы убакта малдын башы жыл-сайын өскөн менен сапат жагынан талапка жооп бербейт.

Мал-чарба тармагын өстүрүүнүн өзөгү болгон, асыл-тукум малдардын генофондунун санынын кыскарышы өзгөчө коңгуроо кагууну чакырат. Мамлекеттик асыл-тукум заводдорундагы асыл-тукум генетикалык ресурстардын саны жок болуп кетүү кырдаалга жетип калды, эгер бүгүн мамлекеттик чаралар кабыл алынбаса, эртең бул ресурстарды сактап калуу жөнүндө айтсак кеч болуп калат. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө кээ бир ата мекендик айыл-чарба малдарыбыздын породаларынын эсептелүү эле баштары бар.

Реформаторлор азыркы абалыбызды мамлекеттик формадан жеке менчикке өтүүчү мелгилдин объективдүү издери катары белгилейт. Ошондой болгону менен мындай белгилөөлөр, айыл-чарба малдарынын баалуу генофондун сактоо боюнча тез арада чара колдонууну четке какпайт.

Генофондду сактоо жана үнөмдүү колдонуу дайыма эле актуалдуу болуп келген жана көптөгөн маселелерди чечүүнү талап кылат. Ал маселелердин бири болуп физиология-биохимиялык жана иммуногенетикалык анализдердин ыкмаларын колдонуу менен кунардуулуктун генетикалык потенциалын толук ишке ашыруу ыкмаларын иштеп чыгуу болуп саналат (1).

Канчалык эң алдыңкы илимий-техникалык жетишкендиктерди, жада калса гендик жана клеткалык инженерияны кошуп колдонсо да жоголгонду калыбына келтирүү мүмкүн эмес.

Тилекке каршы Кыргызстанда, азыркы убакта айыл-чарба малдарынын генофондунун генотиптик жана фенотиптик белгилери (көрсөткүчтөрү) толук кандуу изилдене элек. Малдардын чакан популяцияларын (топторун) узак мезгилдеги убакытка сактоонун эффективдүү ыкмалары жеткиликтүү иштеп чыгарыла элек.

Айыл-чарба малдарынын түрлөрүнүн генофонду (генетикалык ресурстары) породалардын, популяциялардын жана кээ бир малдардын түрдүүлүгүндө.

Азыркы убакта малдардын жергиликтүү породаларын экономикалык жактан пайдалуу заводдук породалар менен басып салуу жолу менен кысымдык көрсөтүү процесси байкалууда. Республикада импорттук породалардын түрдүү генетикалык материалдары менен системасыз аргындаштыруу жүргүзүлүп жатат. Уйлардын олуя ата, койлордун алай, тяньшань породасындагы малдардын саны өтө аз санда калган жана кээ бир абориген породалар жок болууда.

Генофонддордун кыскарылгандыгы дүйнө жүзүндө байкалып турат, бирок породалардын болгон түрдүүлүгүн сактоо керектиги абдан зарыл. Ал үчүн биринчиден, көзөмөл жүргүзүү жана породалык ресурстарды колдонуунун жалпы системасын иштеп чыгуу, ар бир малдын породасына, түрүнө жараша өстүрүү аймактарын тактоо менен, алардын санын, кунардуулугун билүү зарыл. Породалык ресурстарды үнөмдүү пайдалануу малдардын кунардуулугун жогорулатууга жана жаңы түрлөрдү чыгарууга ишенимдүү булак болуп саналат.

Генофондко жергиликтүү абориген жана жакшыртылган породалар кирет. Практика түрүндө генетикалык ресурстардын өзөгүн түзгөн жергиликтүү жакшыртылган жана абориген породалары жоголуп кетүү коркунучунда турат.

Негизинен бардык кеңири таралган азыркы заманбап породалар жергиликтүү абориген породаларын жакшыртуунун негизинде чыгарылган.

Көптөгөн жергиликтүү породалардын кээ бир селекциялык мүмкүнчүлүктөрүн пландуу заводдук породалардын резистенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн колдонушу мүмкүн. Мындай мүмкүнчүлүктөр америкалык селекционерлердин жумуштары менен тастыкталган, тропиктик жана субтропиктик шартка ыңгайлашкан жаңы породаларды чыгарууда (санта-гертруд, брончус, чарбрей, брафорд, бифмастер) зебуну колдонуу менен чыгарылган породалардын гемоспоридиоздуу оорууларга туруктуулугун пайда кылган.

Көп сандаган баалуу жергиликтүү породаларды сактоо үнөмсүз. Породалардын генофондун сактоо үчүн (аборигендик, тарыхый балуулугу, өзгөчөлүгү бар жергиликтүү малдарды) чакан (реликтовых) фермаларды же ферма-заказчиктерди уюштурууну кароо керек.

Генофонддук сактагычтардын маанилүү формасы генетикалык материалдардын урук түрүндөгүсү. Узак мөөнөткө сакталган тоңдурулган уруктарды жергиликтүү породалардын уникалдуу касиеттерин сактоо максатта өзгөчө маанилүү селекциялык маселелерди чечүүдө колдонсо натыйжалуу болот.

Республикада Мамлекеттик «Элита» асыл-тукум станциясы калыбына келтирилди жана айыл-чарба малдарынын генетикалык материалдарынын банкын уюштуруу боюнча жумуштар башталды. Мурдагыдай Кыргызстандын булуң-бурчтарына урук менен камсыз кыла албаса да, Өкмөт тарабынан бекитилген пилоттук проектеги жасалма уруктандыруучу пункттарды тоңдурулган уруктар менен камсыз кылуу жана бир аз болсо да уруктун банкын түзүүгө мүмкүнчүлүк бар. Кээ бир материалдык-техникалык базасы, такшалган адистер бар, илимий кызматкерлер менен бирге өндүрүш менен илимди айкалыштырып иш алып барууда жана урукту түтүкчөгө тоңдуруу боюнча заманбап импорттук оборудования алынган.

Азыркы убакта Мамлекеттик асыл-тукум станцияда асыл-тукум букаларды өстүрүү менен, алардын уругу тоңдурулуп сакталууда.

Кыргыз мал-чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунун окумуштуулары да айыл-чарба малдарынын генофондун сактоо боюнча көзгө көрүнөөрлүк иш алып барууда. Түрдүү багыттагы букалардан тоңдурулган урук жана жогорку кунардуулуктагы уйлардан эмбрион түрүндө генетикалык маалыматтар топтолгон. Азыркы убакта Индонезия Республи-

касы менен Ислам өнүктүрүү банкы тарабынан 1млн 320 000 АКШ доллары суммадагы долбоор иштеп жатат. Долбоордун алкагында 80 ашуун илимий кызматкерлер, адистер, техник операторлор өз билимдерин жогорулатуудан өтүштү.

Айыл-чарба малдарын таза кандуу өстүрүү жана генофондун сактоо үчүн келечектүү ыкмалардын бири болуп эмбриондорду котоpуу болуп саналат. Бул ыкма жогорку баалуулуктагы породалардын жана кээ бир өзгөчө малдардын генофондун сактоого кеңири жол ачат.

Биз тараптан иштелип чыккан Кыргызстанда чыгарылган ири мүйүздүү малдардын (уйлардын) породаларынын генофондун сактоо боюнча илим-изилдөө программабыз этап-этабы менен төмөнкү иш-чараларды ишке ашырууну камтыйт:

- Республиканын аймагында уйлардын таза кандуу баштарын аныктоо үчүн экспедициялык чалгындоолорду өткөрүү;
- фермердик-дыйкан чарбалардын шартында өстүрүлгөн уйлардын фенотипикалык көрсөткүчтөрүн кунардулугунун стандартын иштеп чыгуу;
- генотиптерди генетикалык жана биохимиялык идентификациядан өткөрүү;
- тоңдурулган урук жана эмбрион түрүндө генетикалык маалыматтардын банкын түзүү.

Азыркы убакта өзүбүздүн ата-мекендик уйларыбыздын породаларын, тактап айтканда ала-тоо, олуя ата, жергиликтүү кыргыз уйлары жан кыргыздын эт багытындагы типтеринин генофондун сактоо боюнча уюштуруу жана илимий-изилдөө иштери кызуу жүрүп жатат. Генетикалык маалыматтар камтылган ДНКкаларын изилдөө үчүн аталган породалардан кулактарынын учунан кесилип алынган үлгүлөр топтолгон. Аларды Бүткүл Россиялык мал-чарба институту менен түзүлгөн келишимдин негизинде жакын арада жөнөтүү же өзүбүздө аталган маалыматтарды изилдөө иш-чаралары көрүлүүдө.

Айыл-чарба малдарынын генофондун сактоо боюнча көйгөйлөрдү ийгиликтүү чечүүгө ветеринардык-профилактикалык иштердин комплекстүү системасын иштеп чыгуусуз жетүү кыйын. Ошондуктан эпизоотиялык абалды чыңдоо, малдардын ден-соолугун коргоо менен гана биз айыл-чарба малдарыбыздын генофондун сактап калууга жетишебиз.

Породалардын генофондун сактоо боюнча жогоруда келтирилген сунуштарды практика түрүндө иш жүзүнө ашыруу үчүн төп келишкен, илимий-методикалык жактан негизделген программа иштелип чыгыш керек.

Айыл-чарба малдарынын генофондун жакшыртуу жана сактоо, аларды үнөмдүү колдонуу максатта, генофонддук малдардын генетикалык маалыматтарынын банкын уюштуруунун жогорку денгээлдеги мамлекеттик жана баалуу чарбалык мааниси бар.

**Адабияттар**


1. Гаджиев, З.К. Генофонд грубошерстных овец Северного кавказа: сохранение, совершенствование и рациональное использование, Ставрополь 2011 г.
2. Жумаканов К.Т., Абдурасулов А.Х., Жунушов А.Т., Сохранение генофонда сельскохозяйственных животных Кыргызстана – проблема государственного значения, V Международная конференция, Инновационные разработки молодых ученых – развитию агропромышленного комплекса, ФГБНУ ВНИИОК, г. Ставрополь, 2016, Т. 1. Выпуск 9, С. 50-54.
3. Эрмекбаев Э.Ж., Абдурасулов А.Х., Качество спермапродукции козлов-производителей кыргызской пуховой породы Наука, новой технологии и инновации, Бишкек, 2016 № 3. 43-46.
4. Столповский, Ю.А., Популяционно-генетические основы сохранения ресурсов генофондов доместицированных видов животных. автореферат дис…. доктора биологических наук, 2010.
5. Абдурасулов А.Х., Жээнбекова Б.Ж., Альмеев И.А., Сохранение и совершенствование генофонда кыргызской пуховой породы коз, V Международная конференция, Инновационные разработки молодых ученых – развитию агропромышленного комплекса, ФГБНУ ВНИИОК, г. Ставрополь, 2016, Т. 1. Выпуск 9, С.54-57.


**Рецензент: д.вет.н. Бабакулов М.**